Аны өлтүрбө. Эгер аны өлтүрсөң, ал сен аны өлтүрө электеги сенин ордуңда болуп, сен болсо ал жанагы сөзүн айта электеги анын ордунда болуп каласың" - деди

Микдад бин Амр Киндий (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт: Мен каапырлардын бири менен бет келип согушуп, ал менин бир колумду кылыч менен шылый чапса, анан даректын артына жашынып алып: Мен Аллах үчүн Исламды кабыл кылдым - десе, мен аны өлтүрсөм болобу, оо, Аллахтын элчиси? Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: "Аны өлтүрбө" - деди. Ал: Оо, Аллахтын элчиси, ал менин колумду кыя чаап, колумду кесип таштагандан кийин айтып жатат да? - деди. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Аны өлтүрбө. Эгер аны өлтүрсөң, ал сен аны өлтүрө электеги сенин ордуңда болуп, сен болсо ал жанагы сөзүн айта электеги анын ордунда болуп каласың" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Микдад бин Асвад (ага Аллах ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип сурайт: согушта ал каапырлардын бирине бет келип, аны менен кылычташып, каапыр анын бир колун кылыч менен кыя чаап, анын качып барып даректын артына жашынып: Лаа илааха иллаллааху деп келме айтса, аны өлтүрүү адал болобу? Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Аны өлтүрбө" - дейт. Ал: оо, Аллахтын элчиси, ал менин бир колумду чаап салса да аны өлтүрбөймүнбү? - деп сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Аны өлтүрбө, анткени анын каны сага арам болду. Эгер ал исламга киргенден кийин сен аны өлтүрсөң, ал каны ислам менен корголгон сенин ордуңда болот. А сен болсо аны өлтүргөнүң үчүн өч алууга каны адал болгон адамдын ордунда болуп каласың - дейт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4815